**Изденүүчү Байиева Бегайым Абдугапаровнанын “Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (Орто мектептин мисалында)” деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

**БҮТҮМҮ**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**: педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Т. Батаканова.

Изденүүчү Байиева Бегайым Абдугапаровнанын “Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (Орто мектептин мисалында)” деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Байиева Бегайым Абдугапаровнанын “Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (Орто мектептин мисалында)” деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү кыргыз адабияты сабагында башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты.**

Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1.Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде жалпы «поэма» түшүнүгү, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана ордун, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн,

ааламдашуу доорундагы акындын поэмаларын үйрөнүүнүн максатын, милдеттерин аныктоо.
2.Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуу менен окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүнө анализ жасоо менен аныктоо.
3.Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын, методдорун, ык-машыгууларын жана сабактардын формалары менен типтерин аныктап, практикага сунуш кылуу.
4.Изилдөөдөн алынган натыйжаларды, тыянактарды эксперименттик сыноолордон өткөрүү.

**Диссертациянын изилдөө объектиси.**

Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуу процесси.

**Изилдөөнүн методдору:**

Теориялык, практикалык жана эмпирикалык методдор, эксперименталдык методдор, салыштырма-статистикалык метод сыяктуу педагогикалык изилдөөнүн методдору колдонулган.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Азыркы мезгилдин талабы окуу-тарбия ишинин мазмунун жаңылоону, кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун абалын, сапаттык деңгээлин көтөрүүнү күн тартибине койду. Ааламдашуу процесси жалпы адам баласынын жашоосуна бурулуш алып келген дүйнөлүк XXI кылымдагы цивилизация талап кылып турган билимди, б.а., келечекте жаштарга баалуу булактарды үйрөтүү зарылдыгын белгилеп отурат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процесси өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, улам кийинки сабакта жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык талаптарына түздөн-түз жооп берип, жыйынтыгында мектептик билим берүүнүн алдында жаш инсанды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат.

Кыргыз адабияты сабагында эмне үчүн окутуунун технологиияларынын зарылдыгы эмнеде? Бул эң биринчи кезекте мугалимдердин көнүмүштүн күчүнө алдырып жибергендигинде, бири-бирине окшош сабактары менен окуучуларды жадаткандыгында. Ушундан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, технологиянын сабактагы орду анын кызыктуулугун арттырып, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын тереңдетүүгө жол ачат. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, класстамы менен да, жазуучу менен да диалогго чыга алат. Адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабияттын эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат. Алыкул Осмонов поэмаларын негизинен согуш жана согуштан кийинки мезгилдерде жазды. Анын поэмалары ар бири өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен кыргыз профессионал адабиятынын поэма жанрынын өсүп-өнүгүшүнө белгилүү жаңылыктарды алып келди. Акындын поэмаларына гана мүнөздүү жаңылыктар: башка поэмаларда алардын каармандары сөзсүз ошол учурдун типтүү өкүлдөрү болушканы менен

акындардын негизги ою жалпы адам менен окуяга бурулгандыктан жеке адам катары индивидуалдашттырылган ачык мүнөзгө ээ боло албагандыктан каарман массага аралашканда алардын арасына типтүү, жалпы көрүнүштөргө сиңип кетип, өзүнчө бөлүнүп көрүнө албай калышчу. Алыкул Осмонов ушул кемчиликти жарып өтүп конкреттүү адам тагдырын, анын ички дүйнөсүн–ачык, даана сүрөттөп, индивидуалдуу мүнөз түзүү аркылуу типтүү кырдаалдар менен типтүү көрүнүштөргө чыгууга жетишкен. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында поэмаларды окутууга жана аларды үйрөтүү дайыма актуалдуу проблема. Алыкул Осмоновдун чыгармаларын окутуу боюнча кыргыз педагогика илиминде бир топ окумуштуулардын эмгектеринде изилденип, мектеп тажрыйбасына сунушталып келүүдө. Эн алгач окумуштуу-методисттер К.Иманалиевдин «Кыргыз адабияттын окутуунун жолдору» (1966), «Методика преподования кыргызкой литратуре в средней школе» (1972), «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын негизги маселелери» (1973), «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976), «Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окутууну уюштуруу иши» (1981), «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселлри» (1984),Б.Алымовдун "Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери" (1972), "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" (1981), "Мектеп сочинениеси" (1982), "Биздин адабиятты 7-класста окутуу" (1983), "Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы" (1984) аттуу китептеринде поэмаларды окутуу тууралуу методикалык сунуштар, айрым бир жалпылоолор берилет. Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуу тарыхы» (1994) деген эмгегинде окуу предметин үйрөтүүнүн жана метдоикасынын эволюциясын диахрондуу негизде изилдөө менен поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги жана жеке дидактикадагы жалпы абалына тарыхый экскурс жасайт. Т.Мусанбетов «Кыргызстандагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-X класстарында А.Осмоновдун өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөтүү» (1990) акындын «Жеңишбек» поэмасына арналган проблемалык лекция сабагынын мазмунун талдага. О.Соороновдун «Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери» (1982), А.Муратовдун «Адабият–ыйман сабагы (А.Осмоновдун жана Ч.Айтматовдун чыгармаларын V-XI класстарда окутуу боюнча методикалык колдонмо)» (1992), Ж.Эшиев «Мектепте поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V-VII класстардын мисалында)» (2006) изилдөөсүндө «Толубай сынчы» поэмасын тексттин талдоонун педагогикалык технологияларын сунуштаган. Р.Дөөлөтбакова «Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутуу» (2016) акындын «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Жеңишбек» поэмаларын тектик бөтөнчөлүгүнө жараша ар кандай методикалык ыкмаларды, каражаттарды колдонууну сунуштаган. Албетте, бул уникалдуу эмгектер өз мезгилинде эмгектер жалпы билим берүүчү орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун адабий, дидактикалык-методикалык негиздери, поэмаларды окуучуларга жеткирүү боюнча конкреттүү материал болуп бере алат.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун жалпы теориялык, методикалык маселелери кыргыз адабиятын окутуу методикасында ар тараптуу каралып, изилдегени менен коомдун өзгөрүшү, ага карата педагогикада окуучуларды окутуу жана тарбиялоо боюнча позициясынын жаңылануусу, адамзат улам жаңы илим жана техникага тынымсыз туш келип, замандын инсандар ортосундагы бетме-бет мамилени алыстатып, телефон, интернет жакындаткан сайын адамдардын рухий дүйнөсүндөгү жакырчылык көбүрөөк байкалып жаткан учурда жаштардын өздүк белгилерин сактап калуу зарылдыгын көрсөтүүдө. Бул азыр окуу китептеринде орун алган адабий чыгарманын жарыяланышын, идеялык-эстетикалык кудуретин, тарыхый ордун адабий факты катары айтып берүү менен гана чектелбестен, андан тереңдеп эл турмушуна байланыштуу тарбиялык маанисин, каада-салтты таанып үйрөнүүдөгү руханий баалуулугун, жарандык инсандык белгилерин түшүнүүгө жасаган кызматын азыркы жаштарга жеткирүү милдетин аткарат.

Илимий – изилдөөдө иште бир катар карама-каршылыктар бар экенин аныкталган. Алар: Окутууну санарип муунга шайкеш келген жаңы технологияларды колдонуу зарылчылыгы болгону менен аны окутуу процессинде колдонуу үчүн теориялык билимдин аздыгы жана методика менен технологиянын бирдей алып алган учурлардын болушу; Алыкул Осмоновдун поэмалары кыргыз адабиятын окутуунун тарыхында узак убакытты камтыса да, аларды үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү, бирдиктүү ыкмалары иштелип чыкпагандыгы, поэмаларды салыштырып жана жакындатып үйрөнүүнүн методикасы түзүлбөгөндүгү; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик технологиялардын иштелбегендиги; орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологияларынын иштелбегендиги изилдөөнүн актуалдуулугун жараткан.

Жогорудагы карама-каршылыктар жана аларды жеңилдетүүнүн зарылдыгы, орто мекептерде кыргыз адабиятын окутууга коюлган заманбап талаптар теманын проблемасын аныктап, тема «Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)» деп аталган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

Орто мектептерте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыккан; Алыкул Осмоновдун поэмаларын орто мектептерде мектептерде үйрөтүүнүн тарыхына обзор берилип, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, проблеманын изилдениш тарыхы, ааламдашуу доорундагы акындын поэмаларын окутуунун максат-милдеттери атайын максатта талдоого алынган; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлгөн; Алыкул Осмоновдун поэмаларын инновациялык технологиялар менен окутуу боюнча методисттердин,

мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланган; жаңы технологиялар менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү жолдор жана ыкмалар практикага сунушталган.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

Орто мектептерте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыккан; Алыкул Осмоновдун поэмаларын орто мектептерде мектептерде үйрөтүүнүн тарыхына обзор берилип, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, проблеманын изилдениш тарыхы, ааламдашуу доорундагы жомокторду окутуунун максат-милдеттери атайын максатта талдоого алынган; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлгөн; Алыкул Осмоновдун поэмаларын инновациялык технологиялар менен окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланган; жаңы технологиялар менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү делген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

1.Илимий иште орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуп окутуунун методикасы иштелип чыккандыгы;
2.Иштин илимий аныктамалар интерактивдүү сабактын үлгүлөрү аларды аткаруунун жолдору, формалары, каражаттары жалпы кыргыз адабияты боюнча изилдөөчүлөргө, жалпы билим берүү системасында эмгектенген мугалимдерге, кайсы адистик экенине карабастан, илимий жана окуу-методикалык жактан курал болорлугу;
3.Мугалимдерге жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жазууда методикалык жардам боло тургандыгы.

**Диссертациясынын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Байиева Бегайым Абдугапаровнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа** жарым жартылай жаңы, себеби, поэма жанры, «технология» түшүнүгү анын сабактагы орду, Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда берилиши такталган. Ошондой эле, илимий-методикалык эмгектерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун өзгөчөлүктөрү, проблемалары изилдөө деңгээли аныкталып, илимий-методикалык жактан алар жалпыланган. Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн анкеталардын негизинде акындын поэмаларынынын аталышы, тарыхый абалы, каармандарга гана көңүл бурулуп, окуучулардын илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өстүрүүгө багытталган иштер аткарылбагандыгы, поэманын текстине адабий-мазмундук гана талдоо жүргүзүлүп, педагогикалык баяндоо, педагогикалык талдоо жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган.

**Экмнчи натыйжа** жаңы, себеби орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуу менен окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүнө анализ жасоо менен аныкталган. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу аркылуу окутуунун методдорун (салттуу жана интерактивдүү) айкалыштыруу аркылуу балдардын эстетикалык, баалуулуктарды калыптандыруунун жолдору иштелген. Окутуунун жаңы технологияларын акындын поэмаларын окутууда да ыктуу пайдаланууну талап кылары аныкталган. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча каражаттар, деңгээлдик суроо жана тапшырмалар жыйнагы иштелип чыккан. Окутуунун жаңы технологиялары жана интерактивдүү методдору интеграцияланып, интерактивдүү методдордон ролдук оюндар, сабак-диспут, үч баскычтуу күндөлүк, фишбоун, топтук оюндар, башкарып окутуу, графикалык стратегиялар, деңгээлдик жана чыгармачылык тапшырмалардын түрлөрү ж.б. сабактын кызыктуу өтүүсү үчүн зарыл окутуунун технологиялары экендиги аныкталган. Акындын поэмаларын окутууда жаңы технологияларды колдонуунун артыкчылыктары белгиленип, натыйжалуу окутуу методдору иштелип чыккан.

**Үчүнчү натыйжа** жаңы, себеби орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу формалары, каражаттары, методдору, ыкмалары аныкталган жана сабактардын формалары менен типтерин боюнча методикалык иштелмелер иштелип чыккан, алар сыноодо алгылыктуу экендиги аныкталган, натыйжада алар практикага сунуш кылынган.

**Төртүнчү натыйжа** жарым жартылай жаңы, себеби иштелген теориялык-практикалык корутундулар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, сунуш кылынган методиканын эффективдүүлүгү практикада сыноодон өткөн. Мектеп окуучуларынын илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн педагогикалык жана методикалык шарттарды колдонуунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын сунушталган. Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы берилген проблема, мазмунга карата балдардын жекече көз карашы, каармандарды реалдуу адамдар менен салыштыруу, аларга карата баа бере алуу аркылуу улуттук баалуулуктарга: жакшы менен жаманды ажырата билүүгө, эл-жерди сүйүүгө, эне тилди кадырлоого, тарых,

маданият ж.б. этномаданий мурастарды менен аларды сабактын маанилүү өзөгү менен айкалыштырууга аракет жасалган. Сабак берүүдө колдонулган окутуунун технологиялары менен окутуу илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык чеберчиликти жогорулатууда натыйжалуу экендиги аныкталган. Аталган жаңы технологиялар педагогикалык экспериментте колдонулуп, жакшы натыйжаларды берген. Натыйжада, орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга карата сунуш кылган окутуунун формалары, каражаттары жана ык-жолдору алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттик иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыкталган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1.**Байиева, Б. А.** «Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутуунун жаңы технологиялары». [Текст] / Б.А.Байиева // КУМУ, НОТ.– Ош, 2020. № 3, (69). –56-61-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=44663347

2.**Gulzat Tolonova, Gulnas Borubekova, Busharipa Ukueva, Begaym Baiieva** Teaching of the Theme «Manas and Manastelling Skill» dy Critical Thinking Method Strategies (соавтор) Open Journal of Mobern lingusticz. [Текст] / **Begaym Baiieva**//–November 20. 2020.-675-684 стр. https://www.scirp.org/journal/paperinformation.aspx?paperid=103723

3.**Сакиева, С.С., Орозбаева, А.Ы., Асаналиева, М.М., Байиева, Б.А.** Исследование методики преподавания кыргызского языка в начальных класса. [Текст] / С.С.Сакиева, А.Ы. Орозбаева, М.М. Асаналиева, Б.А.Байиева // Научный потенциал. ЧУ «Научно-исследовательский институт педагогики и психологии» 2021. № 3 (34) С. 94-99. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46488859

4. **Байиева, Б.А.** А. Осмоновдун «Ким болду экен?» поэмасындагы инсандык сапаттарды калыптандыруунун технологиялары.Текст]/Байиева Б.А.// ОшМУ, Жарчы. – Ош, 2021. Т.2. №4.–57-63 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47956203

5.**Байиева Б.А.** А. Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасынын окут. технологиялары аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу. [Текст] // Б.А.Байиева // КУМУ, НОТ.–Ош, 2021. № 3, (72). –129-135-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=48519436

6. **S.S.Sakieva.A.Y.Orozbaeva,B.B. Bayieva**. Study of the Metholodogy of Teaching the Kyrgyz Language in Primary school. [Текст]// S.S.Sakieva.A.Y.Orozbaeva,B.B. Bayieva// Жарчы –Жусуп Баласагын ат.КУУ,– 2021.Атайын чыгарылыш. –423-426 бб. https://lib.knu.kg/files/2021/VKNU2021_Spec_1.pdf

7. **Байиева, Б.А.** А.Осмоновдун «Майдын түнү» поэмасын окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] /Байиева Б.А.// ОшМУ, Жарчы. –Ош, 2022. Атайын чыгарылыш.–430-438- бб. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2021-s4-4-2.pdf

**8.Байиева, Б.А.** Адабий окууда окуу жана түшүүнүнү үйрөтүү технологиялары. [Текст]/ Сакиева, С.С., Алиева Р.А., Б.А.Байиева // ЖаМУ, Жарчы, №2 , –Жалал-Абад 2022, –450-456 бб. http://jagu.kg/view/vestnik
**9.Zhyldyz Ismanalieva, Gulmira Zhutanova, Busharipa Ukueva, Begaiym Bayieva.** Professional Education Features in the Credit Conditions of Teaching. [Текст]/ Zhyldyz Ismanalieva, Gulmira Zhutanova, Busharipa Ukueva , Begaiym Bayieva.// Journal of Positive School Psychology. –November 20. 2022. – 675-684 стр. https://journalppw.com/index.php/jpsp/article/view/3356/2189
**10.Байиева, Б.А.** А.Осмоновдун «Женишбек» поэмасын окутуунун технологиялары. [Текст]/ Б.А.Байиева // КУМУ, НОТ.–Ош, 2022. № 3, (75). –129-135-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=49900627
**11.Байиева, Б.А., Кадырова Т.Р.,** А.Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» поэмасын окутуунун технологиялары. [Текст]/ /Байиева Б.А., Кадырова Т.Р. – Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.–Бишкек, 2023. № 3, 255-256 бб. **http://www.science-journal.kg**
**12.Байиева, Б.А., Сакиева, С.С.** А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууда окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик тапшырмалар менен иштөө технологиялары. [Текст]// Байиева Б.А. // Вестник. –филиал РГСУ,–2023. –№1.–74-80 бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597494

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

**1.** «Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду» деп аталган 1-баптын 1-параграфы 3 гана беттен турат, элементардык нерселерге гана токтолуп, терең ачылбай калган.

2. 2-баптын 1-параграфы “Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча илимий-изилдөөнүн методологиясы жана методдору” деп аталат, бирок изилдөөнүн методологиясы иштелбей калган.

3. Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кеткен.

Ырас, жогоруда айтылган сунуштар иштин илимий мазмунуна терс таасирин тийгизбейт, орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары багытында кыргыз педагогика илиминде ыраатуу жана учур талабына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору,

кандидаттары: Зулуев Б.Б. Б - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01); Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01); Миңбаева К.Б. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Байышова Г.Ж. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Мадраимов С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Арынбаев Э,К. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Абдывасиева З. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Турдубаева К.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), Минбаева К.Б.- п.и.к. (13.00.02 кыргыз адабияты), Мондошов Ш.М. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02 кыргыз тили), Джумаева Ж.Т.- филология илимдеринин кандидаты, Токтосунова А.Т. - филология илимдеринин кандидаты, Танаева Н.Т- филология илимдеринин кандидаты, Келдибай кызы М.- филология илимдеринин кандидаты ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары адабиятты окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис «Кыргызстан Маариф» коомдук фондунун директорунун академиялык маселелер боюнча орун басары, педагогика илимдеринин доктору, доцент К.К.Акматовду сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: 1.Мектепте акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуу. Монография. – Б.: 2019, - 316 б.; 2.Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы (А.Муратов менен авторлор). Окуу куралы. – Б.: 2021, - 568 б.; 3.Кыргыз адабияты: өмүр баяндар жана чыгармалар (А.Муратов менен авторлош). 1-2-китеп. – Б.: 2019, 1-китеп 324-б., 2-китеп 344-б.; 4.Кыргыз адабиятындагы мугалимдин образы жана аны мектепте окутуу. Монография. (Т.Жусупова менен авторлош). – Б.: 2019, - 200 б.; 5.Айтматовду мектепте окутуу. 1-китеп. (А.Муратов менен авторлош). – Б.: 2018, - 304 б.; 6.Айтматовду мектепте окутуу. 2-китеп. (А.Муратов менен авторлош). – Б.: 2018, - 284 б.;

**Экинчи расмий оппонент** катары адабиятты окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, А.Ж.Шералиеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: 1.Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздери: Методикалык колдонмо. – Бишкек, 2016 ISSN: 978-9967-469-23-5. 2. Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздери: Хрестоматия. Бишкек, 2017. ISSN: 978-9967-469-56-3. 3.Окуучунун дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууда фольклордун ролу. И.Арабаев атындагы КМУ Жарчысы, №1 (1). – Бишкек, 2017 ISSN: 1654-5611. 4. “Манас” эпосу жана салттуу малчылык. – Бишкек: Кутбер, 2019, 5. “Манас” эпосу жана этномедицина – Бишкек: Кутбер, 2019, 6. “Манас” эпосундагы салттуу билимдер – Бишкек: Кутбер, 2019. 7. Жаш муундарды тарбиялоодо элдик оозеки чыгармаларды окутуунун мааниси. К.Карасаев атындагы БМУ Жарчысы №4 (58) 2021.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Байиева Бегайым Абдугапаровнанын “Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (Орто мектептин мисалында)” деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин
Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректору,
КР Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер,
педагогика илимдеринин доктору, профессор Батаканова С.Т.

Подпись С.Т. Батакановой
кол тамгасын
тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
“01” 02 2024 г.

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
12.02.2024
уч. секр. Омурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ